| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТОҢ РАЙОНУ**<br>**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АК-ТЕРЕКСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Эл депутаттарынын VII – чакырылышынын XXIII – сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2023-жылдын 4-августу № 3 Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетинин чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизүү жөнүндө.**

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетинин чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизүү жөнүндө Ак-Терек айыл өкмөтүнүн каржы бөлүмүнүн башчысы К.Абдыраевдин билдирүүсүн угуп, талкуулап, Ак-Терек айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетинен бала бакчалардын 2222 беренесине каралган акча каражатынан 30,0 миң сом кир жуучу машина алуу үчүн 3112 беренесине жылдырылсын.

2. Аппараттын 2111 беренесине эмгек акыга каралган акча каражатынан библиотекалардын 2211 беренесине сапардык чыгымдарына 25,0 миң сом, клубдардын 2211 беренесине сапардык чыгымдарына 20,0 миң сом жылдырылсын.

3. М. Кидибаев орто мектебине котел алып берүүдө тендерден үнөмдөлүп калган акча каражатынан ушул эле орто мектепке темир эшик алынып берилсин.

4. Клубдардын 3111 беренесине каралган 100,0 миң сом клубдардын 2215 беренесине жылдырылсын.

5. Токтомдун аткарылышын каржы бөлүмүнүн башчысы К.Абдыраевге тапшырылсын.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, Ак-Терек айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Т. Үсөновго милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**

**Жооптуу катчы** **М.Б. Эсеналиева**